**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АДМИНИСТРАЦИЯСЫ**

**АДМИНИСТРАЦИЯ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

№ КИ-11784

720003, Бишкек ш., Т.Абдумомунов көч., 207
720003, г. Бишкек, ул. Т.Абдумомунова, 207
720003, Bishkek, 207 T.Abdumomunov st.

«15» 12 2021

**Кыргыз Республикасынын**
**Шайлоо жана референдум**
**өткөрүү боюнча борбордук**
**комиссиясы**

**Бишкек шаары,**
**Арча - Бешик конушу,**
**12 - көчө, 65 - үй**
**Н. Абдираимовага**
**0773 166117, 0770 204103**

Жооп кайтарууда биздин чыгыш № таянуу керек.
При ответе ссылка на наш исх. № обязательна.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун дарегине Бишкек шаарынын тургундарынан коллективдүү кайрылуу келип түшкөн. Аталган кайрылууда Баткен облусунун № 1 Лейлек шайлоо округундагы 28-ноябрда болуп өткөн шайлоону жокко чыгаруусун талап кылышты.

Кайрылууну карап чыгып, жыйынтыгы боюнча арыз ээсине жооп берип коюуну суранабыз.

Кат ээсине маалымат катары жиберилет.

Тиркеме: 3 баракта.

**Саясий жана экономикалык изилдөөлөр башкармалыгынын жарандардын кайрылуулары менен иштөө боюнча бөлүмүнүн башчысынын орун басары** **Ж.Д. Дадиев**

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-07/5283
«16» 12 2021 ж/г

Б.Ө. Караталов, 962114

015948 *

**Кыргыз Республикасынын Презтденти**

**Жапаров Садыр Нуркожоевич,**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук Комитетинин торагасы**

**Ташиев Камчыбек Кыдыршаевич,**

**Кыргыз республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын Төрайымы**

**Шайлдабекова Нуржан Кармабековнага**

**№1 Лейлек бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерлеринен коллективдү**

Кыргыз Республикасынын
ПРЕЗИДЕНТИНИН
АДМИНИСТРАЦИЯСЫ
АДМИНИСТРАЦИЯ
ПРЕЗИДЕНТА
Кыргызской Республики
кириш вход. № 01-11784
на 3 б. тиркеме л.прилож. б. л.
«13» 12 2021 ж.г.

**Арыз**

Биздин Сизге арыз менен кайрылуубуздун себеби төмөнкүчө.

№1 Лейлек бир мандаттуу шайлоо округунда Кыргыз республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо, жүргүзүлгөн үгүт иштеринде Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Конституциялык мыйзамы одоно түрдө бузулду. Лейлек районунун Сумбула айыл Өкмөтүнүн Андарак айылында, Жаңыжер айыл Өкмөтүнүн Арка 1 жана Сүлүктү шаарында үгүттөп жүргөн учурда шайлоочулардын колдоруна көтөрүп жүргөн, жасалма бюллетендин нускасына күбө болдук. Ага ылайык номер 6-Ажибаев Чыңгыздын жана номер 4-Жороев Исманалинин шайлоо бюллетениндеги номерлери туура көрсөтүлүп, ал эми калган жети талапкердин бюллетендеги номерлери бурмаланып, катарлары алмаштырылып, туура эмес көрсөтүлгөн. Бул көрүнүш түздөн-түз биздин үгүт иштерибизге доо кетирди. Ошондой эле шайлоочуларга жасалма бюллетендин жардамы менен, атайын туура эмес маалымат жеткирилгендиги ачык-айкын көрүнүп турат.

Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Конституциялык мыйзамынын 5-бөлүмүнүн, 22-беренесинин, 3-пунктуна ылайык "Жалпыга маалымдоо каражаттарында жайгаштырылган же башка ыкма менен таратылган маалыматтык материалдардын мазмуну калыс, так болушу керек, талапкерлердин, саясий партиялардын теңдигин бузбоосу тийиш, аларда кандайдыр бир талапкерге, саясий партияга артыкчылык берилбеши керек".деп турат. Аталган мыйзамга ылайык, жасалма бюллетендин эл арасына таркатылганы, түздөн түз шайлоо мыйзамын бузуп, биздин үгүт иштерибизге тоскоол болуп, шайлоочуларга туура эмес маалымат таратылды. Ошол себептен бул ишке катыштыгы бар адамдарга Кыргыз республикасынын Кылмыш жаза кодексинин 195-беренеси "Шайлоо документтерин бурмалоо" боюнча кылмыш ишин козгоону талап кылабыз.

Андан тышкары шайлоочуларды массалык сатып аллуулар эл арасында кадимкидей жүргөнүн Ажибаев Чыңгызды шайлаган шайлоочулар, өздөрү айтып чыгышты. Ал эле эмес, шайлоо күнүнө чейин эле көпчүлүк шайлоочулардын үйүнө көмүрдүн таркатылышы, трансфарматорлор алынып келингени буга мисал. Азыр шайлоодон кийин кайсы жерге трансфарматор орнотулса, демек бул подкуп үчүн келген буюмдар! Ал трансфарматорлордун кайдан, ким алып келгенин тастыктоо кыйын эмес.. Бир эле мисал, Исфана шаарындагы Дехканов Насыруллонун баласынын үйүндөгү трансфраматордун турушу буга далил. Ошондой эле 27-ноябрь күнү саат 06:10 жана саат 06:33 тыныгуу мезгилинде Кулунду, Ак –арык айылында агитация кылып жүргөн 03/ 273 ААТ ак түстөгү хонда степ вагон авто унаасы менен "№6 Ажибаевге добуш бергиле" - деген банер буга күбө.

Социалдык желелерде Ажибаев Чыңгыздын атасы Ажибаев Ильяскожонун криминалдык топтор менен байланышы бардыгын ачыктаган, адамдын үрөйүн учурган иликтенген фактылар чыкса да, Кыргыз Республикасынын тиешелүү укук коргоо органдарынын былк этпей койгону Лейлек элинин кыжырын келтирди.

Эми эл арасында "Лейлек элинин таламын криминалдык топтор башкарып калабы" - деген чоң кооптонуу жана коркунуч жүрүүдө. Дагы бир мисал - Лейлек Аймактык шайлоо комиссиясы алдын ала туура эмес маалымат таркатып 8033 жана 8038 шайлоо участкаларындагы сандар бурмаланып, Жусупов Аширбайга берилген добуштардан 361 добуш кыскартылып, башка кандидаттын пайдасына жазылган.

Лейлек районунун шайлоочуларына канчадан акча таркатылганын Ажибаев Чыңгыздын өз адамдары айтып жүргөнүнө бардык эл күбө. Ансыз да Ажибаев Ильяскожо 60 млн сом шайлоого короттум дегенин да анын тарапташтары айтып чыгууда. Бул каражаттар кайдан алынды, тиешелүү органдар текшерип бир жыйынтык чыгарат деген ойдобуз. Үгүт-шайлоо учурундагы Аджибаев Чыңгыздын кетирген финансалык чыгымын жана